# П Р О Т О К О Л

Бишкек шаары "19" 02 2025-ж.

Джумадилов Улан Джусупбековичтин 12.00.11. - сот бийлиги, прокурордук көзөмөл, укук коргоо ишмердүүлүгүн уюштуруу адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн "Кыргыз Республикасында прокуратура органдарынын жана прокурордук кызматкерлердин укуктук статусу" темасындагы диссертациясына баштапкы документтердин жана материалдардын ишенимдүүлүгүн тастыктоо. Диссертациялык изилдөө юридика илимдеринин доктору, профессор А.Ш.Шаршеналиевдин жетекчилиги астында жүргүзүлгөн.

Д12.23.668 Диссертациялык кеңештин эксперттик комиссиясынын курамында:

Б.М. Алымбеков– комиссиянын төрагасы, юридика илимдеринин доктору, доцент, Кыргыз Республикасынын Эл аралык университетинин юриспруденция жана эл аралык укук кафедрасынын профессору.

Комиссиянынын мүчөлөрү: К.М.Осмоналиев юридика илимдеринин доктору, профессор; А.Т. Эсенбекова юридика илимдеринин доктору, доцент.

## К Ү Н  Т А Р Т И Б И Н Д Е:

У. Д. Джумадиловдун диссертациялык изилдөөсү боюнча берилген баштапкы материалдарды экспертизалоо жана текшерүү.

**Күн тартиби боюнча:** ю.и.д., доцент Алымбеков Б.М., ю.и.д., профессор Осмоналиев К.М., ю.и.д., доцент Эсенбекова А.Т. чыгып сүйлөшүп, алар Джумадилов У.Д. тарабынан экспертиза жүргүзүү үчүн Кыргыз Республикасында, ошондой эле КМШ өлкөлөрүндө прокуратура органдарынын жана прокуратура кызматкерлеринин укуктук статусуна тиешелүү юридикалык илимдер боюнча алгачкы материалдар, атайын адабияттар, авторефераттар жана диссертациялар берилгенин белгилешти. Ошондой эле диссертант тарабынан берилген материалдардын тизмесинде Башкы прокуратуранын 2023-жылга карата статистикалык маалыматтарынын материалдары, прокуратура органдарынын түзүмдөрүнүн практикалык иштеринин материалдары жана талдоолору берилген. Акыркы жылдардагы (2020-2024-жж.) илимий басылмалар, алар изилдөө маселелерине тиешелүү. Атап айтканда: прокуратуранын укуктук статусун аныктоо, анын мамлекеттик

бийлик органдарындагы орду жана ролу, Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасынын системасынын түзүмдүк өзгөрүүлөрү, коомдун жана мамлекеттин кызыкчылыктарынан улам мамлекет тарабынан коюлуп, чечилип жаткан актуалдуу милдеттер ж. б.

Юридика илимдердин доктору Б.М. Алымбеков, изденүүчү тарабынан материалдар жетиштүү көлөмдө берилгенин, алардын ичинде КМШ өлкөлөрүнүн окумуштуулары жана изилдөөчүлөрү В.И.Баскова, В.Н.Додонова, В.Е.Крутских, В.П.Беляева, В.Г.Бессарабова, Л.Ф.Козлова, А.В.Паламарчук, Ю.Е.Винокурова, Е.Р.Езашева, О.С.Капинус, А.Я.Сухарева В.И.Рохлин, И.И.Сыдорук, М.П.Полякова, Б.В.Коробейникова, М.С.Шалумова, И.Ж.Бахтыбаева жана башкалардын диссертациялык эмгектеринде изилдөөлөрүндөгү проблемалар чагылдырылганын айтты.

Ошондой эле, Кыргыз Республикасынын прокуратурасынын ишмердүүлүгү боюнча жалпы теориялык маселелерди иштеп чыгууга төмөнкү окумуштуулар жана изилдөөчүлөр: А.Ш.Шаршеналиев, К.А.Исаева, К.М.Осмоналиев, Б. М. Алымбеков, Н. Э. Абдукаримова, К.М.Сманалиев, К.Ч. Бердалиев, А. Н. Адилов, Д.М.Осмонов, Н.К.Маматазизова, Н.К. Сулайманова, Б.А.Джумалиев, А.Жакупбеков ж.б. олуттуу салым кошушкандыгын белгиледи.

Мындан сырткары, юридика илимдеринин доктору, доцент А.Т. Эсенбекова, өзүнүн сөзүндө изденүүчү өзүнүн изилдөөсүн жазууда Кыргыз Республикасынын прокуратура органдарынын ишмердигине арналган Кыргызстандын окумуштууларынын диссертациялык иштерин жана жаңы макалаларын колдонгонун белгиледи.

Юридика илимдеринин доктору, профессор К.М. Осмоналиев, изденүүчү изилденүүчү тема боюнча мыйзамдарга салыштырмалуу-укуктук талдоо жүргүзгөндүгүн, ошондой эле КМШ өлкөлөрүнүн жана айрым чет өлкөлөрдүн мыйзамдарына прокуратура органдарынын укуктук статусуна жана алардын мамлекеттик жана укук коргоо органдарынын системасындагы ролуна жана ордуна тиешелүү маселелер боюнча талдоо жүргүзүлгөнүн белгиледи. Ошондой эле, изденүүчү тарабынан илимий анализдин методдору толук пайдаланылгандыгы, илимий изилдөөнүн методологиясы туура колдонулгандыгы белгиленди. Юридика илимдеринин доктору, доцент Б.М.Алымбеков диссертант У.Джумадилов тарабынан практиканын материалдары жетиштүү пайдаланылгандыгын, прокуратура органдарынын практикалык иш-аракеттеринин айрым көчүрмөлөрү (сунуштардын жана прокурордук чара көрүүнүн башка актыларынын көчүрмөлөрү, ошондой эле маалымкаттар, отчеттор жана текшерүүлөрдүн корутундулары) бар экендигин баса белгиледи. Диссертациялык кеңештин эксперттик комиссиясы белгилегендей, диссертант тарабынан алгачкы экспертизаны өткөрүү үчүн

өткөрүлгөн диссертациялык изилдөөнүн алкагында изилденген жана талданган материалдардын толук көлөмү жетиштүү экендигин белгиледи.

**Д.12.23.668 Диссертациялык кеңештин эксперттик комиссиясынын корутундусу:** Джумадилов Улан Джусупбековичтин "Кыргыз Республикасындагы прокуратура органдарынын жана прокурордук кызматкерлердин укуктук статусу" темасындагы диссертациясы боюнча баштапкы материалдар адистиги боюнча юридикалык илимдердин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн: 12.00.11 – сот бийлиги, прокурордук көзөмөл, укук коргоо ишмердигин уюштуруу-изденүүчү тарабынан изилдөөнүн жүрүшүндө толук көлөмдө берилген, бул диссертациялык иштин аныктыгын тастыктайт. Эч кандай кемчиликтер аныкталган жок. Изденүүчү тарабынан жүргүзүлгөн изилдөөнүн талдоосу алынган натыйжалардын ишенимдүүлүгүн жана негиздүүлүгүн тастыктаган илимий изилдөө ыкмаларына ылайык келет.

**Диссертациялык кеңештин эксперттик комиссиясынын курамы:**

Комиссиянын төрагасы - ю.и.д., доцент **Б.М. Алымбеков** ________________

Комиссиянын мүчөлөрү: ю.и.д., проф. **К.М. Осмоналиев** ________________

ю.и.д., доцент **А.Т. Эсенбекова** ________________

*Ю.и.д., доцент Б.М.Алымбеков, ю.и.д., проф. К.М.Осмоналиев жана ю.и.д. доцент А.Т.Эсенбекованын колдорун тастыктаймын:*

Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы,

ю.и.д. доцент **Н.Э.Абдукаримова**

19.02.2025 ж.

*Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы ю.и.д., доцент Н. Э. Абдукаримованын колун тастыктаймын:*

Ж. Баласагын атындагы КУУнун КБ башчысы **А.А.Жайнакова**